МАКУЛДАШЫЛДЫ
ОшМУнун окуу-методикалык
бирикмесинин координациялык
кеңешинин төрагасы, доцент
Р.Н. Арапбаев ___________
"05" 07 2025-жыл

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору, профессор
К.Г. Кожобеков
___________
"05" 07 2025-жыл

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН СТАНДАРТЫ

## БАГЫТ: 530300 «Психология (атайын билим берүү)»

**Квалификациясы: магистр даражасы**

Ош – 2025



CS Сканировано с CamScanner

530300 Психология адистиги боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн стандарты ОшМУнун Окуу-усулдук бирикмесинин педагогикалык, дене тарбия жана спорт боюнча билим берүүнүн тармактык комитетинде каралган (2025-ж. 27- мартындагы №3 протоколу).

ОшМУнун Окуу-усулдук бирикмесинин Координациялык кеңешинин 2025-жылдын "24" 06 № 4 протоколу менен жактырылган.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдагы "05" 07 № 9 протоколу менен бекитүүгө сунушталды.

ОшМУнун ректорунун № 3426 буйругу менен бекитилди.

Билим берүү стандарттары боюнча чет элдик эксперттер.

CS Сканировано с CamScanner

| | |
|---|---|
| Доцент, Частный институт психологии и нейропедагогики. | Халматов Султанберк<br>HALDEM ÖZEL PSİKOLOJİ ENSTİTÜSÜ DAN. LTD. ŞTİ.<br>Kültür Mh. Meşrutiyet Cd. 42/2 Çankaya/ANK<br>Mithatpaşa Vergi Dairesi : 455 057 0910<br>Mersis No: 0455057091000001 |

Л.Н. Гумилев атындагы Евразия Улуттук Университетинин психология кафедрасынын улук окутуучусу, псх.и.к: Уталиева Жанна Тлегеновна

ЖУРНАЛИСТИКА ЖӘНЕ ӘЛЕУМЕТТІК ҒЫЛЫМДАР ЖОҒАРЫ МЕКТЕБІ

| МАЗМУНУ | Бети |
|---|---|
| 1-БӨЛҮМ. Жалпы жоболор | 4 |
| 2-БӨЛҮМ. Кыскартуулар | 5 |
| 3-БӨЛҮМ .Терминдер | 5 |
| 4-БӨЛҮМ. Колдонуу чөйрөсү | 7 |
| 5-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мезгили жана эмгек сыйымдуулугу | 8 |
| 6-БӨЛҮМ. Базалык билим берүү программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча талаптар | 9 |
| 7-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү | 11 |
| 8-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына коюлуучу талаптар | 13 |
| 9-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын ишке ашыруу шарттарына коюлуучу талаптар | 15 |
| 10-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын базалык окуу планынын үлгүсү | 22 |
| 1- тиркеме. Базалык окуу планынын жалпы жүктөмүн бөлүштүрүү | 23 |
| 2- тиркеме. Базалык окуу планындагы милдеттүү дисциплиналарды циклдер жана жүктөмү боюнча бөлүштүрүү | 24 |
| 3- тиркеме. Базалык окуу планынын дисциплиналарынын каталогу | 27 |

## 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

***530300 Психология багыты боюнча*** адистерди даярдоонун билим берүү стандарты (мындан ары - билим берүү стандарты) ОшМУнун ректорунун буйругу менен бекитилген. 530300 Психология багытындагы билим берүү программасынын стандарты мамлекеттик билим берүү стандартына теңдештирилген жана жогорку кесиптик билим берүүнүн шарттарын эске алуу менен иштелип чыккан жана талаптардын бирдиктүү түзүмүнө ээ, ошондой эле билим берүүнүн биримдигин, сапатын, көзөмөлдүн объективдүүлүгүн камсыз кылуу жагынан өз функцияларын аткарууга мүмкүндүк берет жана ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын өнүктүрүүгө конкреттүү багыттарды белгилейт.

Билим берүү стандартында белгиленген негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн шарттарына жана натыйжаларына коюлуучу талаптар мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн эмес.

***Билим берүү стандарты төмөнкү тараптардын катышуусу менен иштелип чыгылган:***

*Ата мекендик университеттердин өкүлдөрү:* Ош мамлекеттик университетинин Педагогика, искусство жана журналистика институтунун кафедра башчысы, психология кафедрасынын доценттери жана окутуучулары; Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун доценттери; А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасынын окутуучулары.

*Чет элдик университеттердин өкүлдөрү:* Фергана мамлекеттик университетинин психология кафедрасынын башчысы, психология илимдеринин доктору, профессор; Низами атындагы Өзбекистан Улуттук педагогикалык университетинин доценти; Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин кафедра башчысы, профессор; Лоранд Этвёш атындагы (ELTE) Будапешт университетинин PhD докторлору;

*Жумуш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр:* Ош шаарынын мэриясынын алдындагы көп функционалдуу үй-бүлөнү жана балдарды колдоо борборунун директору; Ош шаарынын №12- атайын көмөкчү мектебинин директору; «Гармония» психологиялык жардам берүү борборунун директору; «Аруулан» кризистик борборунун директору; Кыргыз Республикасынын Ош областынын ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын реабилитациялык борборунун директору.

*Илимий уюмдардын жана академиялык түзүмдөрдүн, мамлекеттик жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү*: Кыргыз-Россия билим берүү академиясынын (КРББА) ректору, профессор; Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун вице-президенти, директору, Кыргыз билим берүү академиясынын доценти.

Аты аталган Билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына, КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №654 “Мамлекеттик орто окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”, 2024-жылдын 5-февралындагы №45 “Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”

токтомдоруна, 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, 2024-жылдын 8- июлундагы № 371 "Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө", Кыргыз Республикасында квалификациялардын улуттук системасына, квалификациялардын улуттук алкагына, квалификациялардын европалык системасына (*же Европа системасы*), квалификациялардын тармактык алкактарына, кесиптик стандарттарга, ОшМУнун Уставына жана билим берүү стандарты бекитилген учурда колдонуудагы ченемдик-локалдык документтерине ылайык иштелип чыгылган.

Бул билим берүү стандартын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү тартиби ОшМУнун "Билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө" жобосу менен жөнгөлөт.

## 2-БӨЛҮМ. КЫСКАРТУУЛАР

**МББС** – мамлекеттик билим берүү стандарты
**ББС** – билим берүү стандарты
**ББП** – билим берүү программасы
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү
**ОКББ** – орто кесиптик билим берүү
**НББП** – негизги билим берүү программасы
**ЖК** – жалпы компетенция
**ЖКК** – жалпы кесиптик компетенциялар
**КК** – кесиптик компетенциялар
**ОН** – окутуунун натыйжасы
**ECTS** – европалык кредит топтоонун системасы Европалык кредиттерди которуу жана топтоо системасы.

## 3-БӨЛҮМ.ТЕРМИНДЕР

Өз алдынча иштелип чыккан жогорку кесиптик билим берүү стандартында төмөнкү термин жана аныктамалар колдонулат:

- ***базалык окуу планы*** – багыт же адистик боюнча студентти кесипке даярдоону ишке ашырган окуу мезгилиндеги дисциплиналарынын каталогу. Окуу планы милдеттүү компонентти камтыйт (базалык жана ЖОЖдук (адистештирилген), милдеттүү дисциплиналарды жана студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды окутууга бөлүнгөн кредиттердин санын жөнгө салат, практиканын мөөнөтүн жана түрлөрүн белгилейт;
- ***кош квалификация*** - эки багыттын (профильдердин) билим берүү стандарттарынын кесилишинде билим берүү программасын ишке ашыруу процессинде алынган квалификация;
- ***билим берүүнүн дистанттык формасы*** – маалыматтык технологиялардын жардамы менен өз алдынча билим алуу (аралыктан окутуу) формасы;
- **тандоо дисциплиналары** – кредиттердин чегинде тандоо компонентине кирген студенттин жеке даярдыгын чагылдырган окуу дисциплиналар;
- ***магистрант үчүн жекече окуу планы*** *(МБПЖ)* – студенттин бир семестр үчүн багытталган билим берүү программасы, сунушталган окуу дисциплиналарынын негизинде түзүлөт ***;***
- ***компетенция*** – окуучуну (окуп жаткандарды) билим берүүгө даярдоодо белгилүү бир тармактын натыйжалуулугу жана ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон, алдын ала берилген социалдык талаптар (ченемдер);
- ***кредит*** - негизги кесиптик билим берүү программасындагы эмгек сыйымдуулугун ченөөнүн шарттуу өлчөмү;

- ***негизги билим берүү программасы*** –мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окутуунун максаттарын, мазмунун, пландаштырылган натыйжаларын жана уюштурулушун жөнгө салган окуу-методикалык документтердин жыйындысы;

- ***окутуунун жыйынтыгы*** - негизги билим берүү программасы /модуль боюнча окутуунун жыйынтыгында алынган компетенция;

- ***окутуунун кредиттик технологиясы*** – кредиттерди топтоо менен студенттин тандоосуна жана дисциплиналарды окуунун ырааттуулугун өз алдынча пландаштырууга негизделген окутуу;

- ***өз алдынча иштелип чыккан компетенциялар*** – стандартты иштеп чыгуучулар тарабынан киргизилген компетенциялар;

- ***семестрдик окуу планы*** - студенттин семестр үчүн сунушталган окуу планы, ал сунушталган окуу дисциплиналарынын негизинде түзүлөт;

- ***студенттин жекече окуу планы*** - белгилүү бир академиялык мезгилде окуу процессин уюштуруу үчүн кызмат кылган окуу планы;

- ***тандоо дисциплиналары*** – социалдык-экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана тигил же бул региондун керектөөлөрүн эске алуу менен билим берүү уюмдары тарабынан белгиленген кредиттердин алкагында тандоо компонентине киргизилген, студенттин жекече даярдыгын чагылдырган окуу дисциплиналары;

- ***тармактык билим берүү формасы*** – билим берүү программасынын бир нече билим берүү уюмдары тарабынан ишке ашырылышы;

- ***учурдагы ченемдик-ички жоболор*** – ушул жобону ишеп чыгуу учурунда колдонулуп жаткан ченемдик- ички жоболор;

- ***soft skills (жумшак көндүмдөр) –*** эмоционалдык жана чыгармачылык интелект, иштиктүү баарлашуу жана өзүн-өзү уюштуруу (самодисциплина), стандарттык эмес кырдаалда креативдүү жана сынчыл көз караш менен мамиле кылуу;

- ***STEAM көндүмдөр –*** заманбап технология, техника, инженерия, маалыматтарды колдонуу жана башкаруу.

- ***магистрдик*** деңгээл аспирантурага жана (же) негизги докторантурага (профиль боюнча PhD докторантурага) кирүүгө жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берүүчү жогорку кесиптик билиминин квалификациясы;

- ***даярдоо багыты*** - жалпы фундаменталдык даярдоонун негизинде интеграцияланган ар кандай профилдеги жогорку кесиптик билими бар адистерди (бакалаврларды, магистрлерди, адистерди) даярдоо боюнча билим берүү программаларынын жыйындысы;

- ***жалпы илимий компетенциялар*** – илимий билимдин ыкмаларын, логиканы жана аргументацияны, критикалык ой жүгүртүүнү, илимий маалыматты талдоону жана интерпретациялоону, ошондой эле ар кандай кесиптик чөйрөдө теориялык жана практикалык маселелерди чечүүдө илимий ыкмаларды колдоно билүүнү камсыз кылган жөндөмдөр жана билимдер;

- ***билим берүүнүн онлайн формасы*** - реалдуу убакыт режиминде маалыматтык технологияларды колдонуу менен аралыктан билим берүү;

- ***психологиялык-педагогикалык иш*** - психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен инсанды изилдөөгө жана өнүктүрүүгө, окутууга жана тарбиялоого багытталган иш;

- ***эксперттик диагностикалык иш*** - психологиялык, педагогикалык же социалдык диагностика жүргүзүү, социалдык абалына, жүрүм-турумуна, жашоо шарттарына баа берүү ж.б.;

- ***консультациялык иш-чаралар*** – консультациялар аркылуу психологиялык, педагогикалык же социалдык жардам көрсөтүү (жеке, топтук, үй-бүлөлүк);

- ***түзөтүү жана өнүктүрүү иш-чаралары*** - бузулууларды түзөтүү жана көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган сабактарды, тренингдерди, программаларды өткөрүү;

- ***реабилитациялык иш-чаралар*** – оор кырдаалдардан кийин (оору, жаракат, кризис) психологиялык, социалдык же педагогикалык бакубаттуулукту калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүү;

- ***супервизордук иш аракеттер*** – кесиптештерге кесиптик колдоо көрсөтүү жана насаатчылык кылуу, татаал иштерди талдоо (психологдорго, педагогдорго);

- ***агартуу жана алдыналуу боюнча иш-аракеттер***: лекцияларды, семинарларды, иш-чараларды өткөрүү (четтөө, көз карандылык, чыр-чатактар ж.б.)

## 4-БӨЛҮМ. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

4.1.ОшМУда иштелип чыккан бул билим берүү стандарты (мындан ары – билим берүү стандарты – **БС**) **530300** Психология адистиги боюнча магистратура деңгээлинде жогорку кесиптик билимди даярдоо багытындагы негизги билим берүү программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы болуп саналат

4.2. Бул билим берүү стандарты **53 *03 00 Психология*** адистигинин билим берүү программалары боюнча адисти даярдоонун талаптарын белгилейт жана анын жыйынтыгы менен аталган адистик боюнча “магистр” квалификациясы ыйгарылат.

4.3. ***53 03 00 Психология*** адистиги боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн бул стандарты негизги билим берүү программасынын түзүмүн камтыган базистик окуу пландарын, окуу дисциплиналарынын жумушчу программаларын, практикалык окууларды жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программаларын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

4.4. Билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- 530300 Психология багыты боюнча билим берүү программасы адистерди даярдоо боюнча негизги билим берүү программасын жана уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуу үчүн негиз болуп эсептелет. Ошондой эле ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы тарабынан жогорку кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо, илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эске алуу менен толуктоо жана жаңылоо, ошондой эле жетишилген окуу натыйжаларына системалуу мониторинг жүргүзүү үчүн колдонулат;

- ***53 03 00 Психология*** адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүү учурунда окуу иштерин натыйжалуу ишке ашыруу максатында магистранттар тарабынан пайдаланылат

- өз компетенциясынын чегинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатына, окуу процессинин уюштурулушуна жоопту болгон билим берүү уюмунун ректору жана проректорлору, окуу-усулдук бирикмелер, факультеттердин декандары, институттардын жана колледждердин директорлору, кафедра башчылары, бөлүм башчылары, ПЦК башчылары жана башкалар;

- бүтүрүүчүлөрүнүн окуу-жетишкендиктерин, билим сапатын баалоочу экзамендик жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялык комиссиялар;

- бүтүрүүчүлөрдү ишке кабыл алууда адистигин (квалификациясын) аныктоо үчүн кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндөгү иш берүүчүлөр;

- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылаган уюмдар;

- билим берүү тармагында билим берүү программаларын аккредитациялоону ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу уюмдар;

- билим берүү системасындагы мыйзамдуулукту сактоону, көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, орто кесиптик билим берүү тармагындагы сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү;

- магистратура программаларын тандоодо абитуриенттер тарабынан колдонулат.

**5-БӨЛҮМ. 530300 ПСИХОЛОГИЯ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЧЕНЕМДИК МӨӨНӨТҮ ЖАНА ЭМГЕК СЫЙЫМДУУЛУГУ**

5.1. Абитуриенттердин билим деңгээлине коюлуучу талаптар . Магистратурага кабыл алуу үчүн талапкер төмөнкү документтердин бирине ээ болушу керек:

- бакалавр даражасы боюнча жогорку кесиптик билими жөнүндө диплом ;
- адистикке даярдоо боюнча жогорку кесиптик билими жөнүндө диплом ;
- магистратурага даярдоо боюнча жогорку кесиптик билими жөнүндө диплом .

5.2. ***53 03 00 Психология*** багыты боюнча билим берүү стандартына ылайык билим берүү программасын ишке ашырууда магистратурадагы жогорку билимди күндүзгү формада (тиешелүү учурларда, онлайн) алууга болот

5.3. ***53 03 00 Психология*** багыты боюнча магистрды даярдоо үчүн билим берүү программасынын жалпы жүктөмү окуу формасына, колдонулган билим берүү технологияларына, студенттин жеке окуу планынын кош квалификациясына, анын ичинде тездетилген окутууга карабастан 120 кредит бирдигин түзөт.

Кош квалификацияны ыйгаруу эки стандарттын кесилишинде ишке ашырылат, ал эми билим берүү программасынын жүктөмү 180 кредиттен кем эмес; кош квалификация ыйгарылган учурда окуу мөөнөтү 1 (бир) жылдан кем эмес узартылат.

5.4. Күндүзгү билим берүүнүн стандарттык мөөнөтү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин берилген каникулдарды кошкондо 2 (эки) жылды түзөт.

5.5. Кредиттик билим берүү технологиясын колдонуу менен окуу процессин уюштурууда ар бир академиялык дисциплинанын көлөмү академиялык кредиттердин бүтүн санын түзөт. Бир академиялык кредит 30 академиялык саатка барабар. Академиялык сааттын узактыгы 45 мүнөт.

5.6. Студенттин жеке окуу планына ылайык билим берүүнүн узактыгынын ченемдери окуу жайдын академиялык саясатынын ички ченемдик жоболорунун негизинде аныкталат

5.7. Окуу планындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн жүктөмү ECTS кредиттеринде көрсөтүлөт. Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын күндүзгү формасы боюнча жылдык окуу жүктөмү 60 кредитти, семестрдик окуу жүгү 30 кредитти түзөт.

5.8. Билим берүү уюму тездетилген программаларды ишке ашыруу үчүн окуу мөөнөтүн окуунун натыйжаларын толугу менен же жарым-жартылай айрым дисциплиналар (модулдар) жана/же студент мурунку билимин алып жаткан учурда өздөштүргөн (бүтүргөн) өндүрүштүк окутуунун айрым түрлөрү боюнча кайра аттестациялоонун (кайрадан кредиттөөнүн ) жыйынтыгы боюнча аныктайт.

5. 9.Билим берүү уюму жогорку кесиптик билиминин тийиштүү профилине ээ болгон адамдарга мурунку билим берүүнүн жана даярдоонун натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча билим берүү программасын өздөштүрүү укугун берет.

5.10. Окутуунун онлайн формасын колдонууда практикалык окуунун бардык түрлөрүн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны онлайн формада уюштурууга жол берилбейт.

## 6-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУГА БОЮНЧА ТАЛАПТАР

6.1.Билим берүү уюму эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн окутуу программаларын өз алдынча иштеп чыгат. Негизги билим берүү программасы адистик боюнча билим берүү стандартынын, квалификациялардын улуттук алкагынын, квалификациялардын тармактык/сектордук алкактарынын жана кесиптик стандарттардын (бар болсо) негизинде иштелип чыгат.

6.2. **530300 Психология** адистигинин жогорку кесиптик билим берүүнүн (магистратура) багыты боюнча негизги билим берүү программасынын максаттары:

кесиптик психологиялык ишмердикте инновациялык ыкмаларды ишке ашырууга даяр жогорку квалификациялуу магистерлерди даярдоо.Окуу программа бүтүрүүчүлөрдүн арасында атаандаштыкка жөндөмдүүлүүктү, кесиптик ийкемдүүлүктү жана заманбап эмгек рыногунун динамикалык шарттарына ийгиликтүү адаптациялоону камсыз кылган, предметтик адистештирилген жана универсалдуу компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган.

6.3. Билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары илимдин, маданияттын, экономиканын,техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен НББПны кызыкдар тараптардын сунуштарына ылайык 5 (беш) жылда бир жолудан кем эмес жаңылайт. Билим берүү программаларын жаңылоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияны иштеп чыгууну;
- билим берүү программаларына мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүүнү;
- иш берүүчү менен макулдашылган бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясына карата талаптардын негизинде билим алуучулардын билим жана билүү деңгээлдерин, көндүмдөрүн, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгууну;
- педагогикалык курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууну;
- ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууну, аларды пайдалануунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөнү;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген аккредитациялоонун минималдуу талаптары боюнча өзүн-өзү баалоону үзгүлтүксүз жүргүзүүнү;
- өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө коомчулукка маалымдоону.

6.4. Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- социалдык-маданий чөйрөнү түзүүгө;
- инсанды ар тараптан өнүктүрүү жана социалдаштыруу, билим алуучулардын ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- билим берүү жараянынын тарбиялык/окуудан тышкаркы компоненттерин өнүктүрүүгө, анын ичинде өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, билим алуучулардын коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусуна өбөлгө түзүүгө.

6.5. Дисциплиналардын (модулдардын) жыйындысы жана алардын татаалдыгы билим берүү уюмунун тиешелүү түзүмдөрү (факультеттер, институттар) тарабынан аныкталат.

6.6. НББПнын дисциплиналарынын топтому милдетүү (базалык) жана тандоо бөлүгүн камтууга тийиш. Тандоо курстары кесиптик цикл үчүн сунушталат жана ал үчүн дисциплиналардын каталогу билим берүү уюму (билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары) тарабынан аныкталат.

6.7.Дисциплиналардын милдеттүүлүк даражасы, аларды өздөштүрүүнүн ырааттуулугун жана эмгек сыйымдуулугун "А", "В" жана "С" топторуна бөлүштүрүү билим берүү уюмунун окуу процессин уюштуруу жөнүндөгү жоболоруна жана ушул Макеттин тиркемелерине ылайык уюштурулат.

6.8 Билим берүү уюму билим алуучуларга НББПнын окуу курстарынын (дисциплиналардын, модулдардын) жеткиликтүү болушун камсыздоого, киришүү курстарын өткөрүүгө, билим алуучунун жекече окуу траекториясын түзүү үчүн тандоо курстарын жана каалоолорун сурамжылоо аркылуу аныктоого милдеттүү. Билим алуучу билим берүү уюму тарабынан берилүүчү академиялык консультанттын катышуусу менен өзүнүн жекече окуу планын түзөт.

6.9.Билим берүү уюму НББПны түзүүдө билим алуучуларды укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, билим алуучулар тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү экендигин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан аз болбоого тийиш экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

6.10.Билим берүү уюму билим берүү программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда гендердик теңчилик саясатын эске алууга, социалдык инклюзияны камсыз кылууга, ошондой эле санариптештирүүнү өнүктүрүүгө милдеттүү.

6.11.Билим берүү программасын ишке ашырууда билим алуучулардын укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар:

- билим алуучулар жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасынын алкагында билим алуучулардын тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу;

- өзүнүн жеке билим берүү траекториясын түзүүдө билим алуучу билим берүү уюмунан дисциплиналарды тандоо жана алардын келечектеги кесибине тийгизген таасири боюнча консультация алууга укуктуу;

- компетенцияларды өнүктүрүү бөлүгүндө билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында билим алуучулар студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга укуктуу;

- билим алуучулар билим берүү уюмунун билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү;

- билим алуучунун окуу жүктөмүнүн көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн кошкондо жумасына 38 сааттан кем эмес белгиленет. Окуу жүктөмүнүн жумалык максималдуу көлөмү билим берүү уюму тарабынан белгиленет;

- окутуунун күндүзгү формасында адисти даярдоодо аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына жалпы көлөмдүн 2,5% түзөт;

- окуу жылындагы каникул мезгилинин жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүп, анын ичинде окуу мөөнөтүнө жараша кыш мезгилинде эки жумадан кем болбоого тийиш.

## 7-БӨЛҮМ. 53 03 00 ПСИХОЛОГИЯ БАГЫТЫ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**7.1. 53 03 00 Психология** адистиги боюнча магистратуранын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн **багыттары:**

- фундаменталдык жана прикладдык психологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүнү кошкондо, илим чөйрөсүндөгү кесиптик көйгөйлөрдү чечүү;
- билим берүү системасындагы окуучуларга, мугалимдерге жана ата-энелерге психологиялык колдоо көрсөтүүгө багытталган иш-чаралар;
- саламаттык сактоо мекемелеринде профессионалдык ишти, анын ичинде клиникалык-психологиялык жардамды жана психопрофилактиканы ишке ашыруу;
- социалдык коргоо системасында психологиялык жардамды, анын ичинде жарандардын аялуу категориялары менен иштөөнү ишке ашыруу;
- мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдарды башкарууга, анын ичинде кадр саясатына, кадрларды өнүктүрүүгө жана уюштуруучулук консалтингге катышуу;
- жеке жана юридикалык жактарга психологиялык кызмат көрсөтүүчү долбоордук изилдөө жана консультациялык структураларда иштөө.

**7.2.** ***530300 Психология*** багыты боюнча магистратуранын билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишинин **объекттери** психикалык процесстер, инсандын абалы жана өзгөчөлүктөрү, ошондой эле алардын адам ишмердүүлүгүнүн ар кандай чөйрөлөрүндө, инсандар аралык мамилелерде жана социалдык өз ара аракеттенүүдө көрүнүшү, тышкы факторлордун таасири астында алардын пайда болушунун, иштешинин жана өзгөрүшүнүн механизмдери.

**7.3.«Психология магистри» квалификациясын ыйгаруу менен *530300 Психология* адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин түрлөрүнө бөлүнүшү :**

-илимий изилдөө;
- практикалык психологиялык;
- уюштуруучулук жана башкаруучулук;
- психологиялык-педагогикалык;
- эксперттик жана диагностикалык;
- консультациялык;
- түзөтүү жана өнүктүрүү;
- реабилитациялоо;
- көзөмөлдөө;
- билим берүү жана алдын алуу иш-чаралары

**7.4.** *530300 Психология* тармагында «Психология магистри» квалификациясы ыйгарылган адис, кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө (түрлөрүнө) ылайык, төмөнкү кесиптик **милдеттерди чечүүгө даяр:**

***Илимий- изилдөө иштери:***

- психология жаатында фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- психологиялык изилдөөлөрдүн жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу жана сыноо;
- маалыматтарды талдоо жана интерпретациялоо, илимий басылмаларды даярдоо;
- илимий конференцияларга жана симпозиумдарга катышуу.

***Практикалык психологиялык иш-чаралар:***

- заманбап методдорду колдонуу менен психологиялык диагностиканы жүргүзүү;
- жеке жана топтук түрдө консультация катары психологиялык жардам көрсөтүү
- психологиялык коррекциялоо жана өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу
- кризистик кырдаалдар, жаракат же стресске дуушар болгон адамдар менен иштөө.

***Уюштуруучулук жана башкаруучулук иш-чаралар:***

- психологиялык кызматтарды жана уюмдарды башкаруу;
- психологиялык бөлүмдөрдүн ишин пландаштыруу жана координациялоо;
- кесиптик ишмердиктин стандарттарын жана ченемдерин иштеп чыгуу жана киргизүү;
- психологиялык программаларды жана долбоорлорду ишке ашырууну уюштуруу жана контролдоо.

***Психологиялык-педагогикалык иш-чаралар:***

- окуу жайларында психологиялык дисциплиналарды окутуу;
- билим берүү программаларын жана курстарын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- лекцияларды, семинарларды жана практикалык сабактарды өткөрүү;
- магистранттардын илимий иштерине жетекчилик кылуу.

***Эксперттик диагностикалык иш-чаралар:***

- ар түрдүү тармактарда (билим берүү, медицина, юриспруденция ж.б.) психологиялык экспертизаларды өткөрүү;
- эксперттик корутундуларды жана сунуштарды даярдоо;
- заманбап диагностикалык ыкмаларын жана куралдарын колдонуу.

***Консультативдик иш-чаралар:***

- жеке жана топтук консультация түрүндө психологиялык жардам көрсөтүү;
- жеке, үй-бүлөлүк жана кесиптик көйгөйлөр менен иштөө;
- актуалдуу психологиялык проблемалар боюнча тренингдерди жана семинарларды өткөрүү.

***Түзөтүү жана өнүктүрүү иш-чаралары:***

- ар кандай курактагы жана социалдык топтор үчүн коррекциялоо жана өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- өзгөчө муктаждыктары бар же адаптациялоо кыйынчылыгы бар адамдар менен иштөө;
- инсандык өсүү жана өнүгүү боюнча тренингдерди өткөрүү.

***Калыбына келтирүү иш-чаралары:***

- психологиялык травма, кризис же ооруга дуушар болгон адамдар менен иштөө;
- психологиялык реабилитациялоо программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- калыбына келтирүү процессинде кардарларды коштоо.

***Көзөмөлдөөчү иш-чаралар:***

- башталгыч психологдорго көзөмөл жүргүзүү ;
- кесиптештерине кесиптик практика маселелери боюнча кеңеш берүү;
- профессионалдык ишмердүүлүктү талдоо жана чагылдыруу.

***Билим берүү жана профилактикалык иш-чаралар:***

- психологиялык темалар боюнча лекцияларды, семинарларды жана тренингдерди өткөрүү;
- калктын ар кандай топтору үчүн профилактикалык программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- калктын психологиялык сабаттуулугун жогорулатуу.

## 8-БӨЛҮМ. *53 03 00 ПСИХОЛОГИЯ АДИСТИГИ БОЮНЧА* БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫНА ТАЛАПТАР

**8.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн магистратурасынын билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчүдө илимий изилдөө, өндүрүштүк жана ишкердик, уюштуруучулук-башкаруучулук, кесиптик жана башка компетенциялар калыптанышы керек.

**Илимий изилдөө компетенциялары:**

| Компетенттүүлүк номери | Өз алдынча иштелип чыккан компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **ЖИК - 1** | илимий билимдердин методологиясын өздөштүргөн, изилдөөнү уюштура алган, сандык жана сапаттык методдорду колдоно билген, натыйжалардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылган жана аларды оозеки жана жазуу жүзүндө ( анын ичинде басылмаларды жана сүйлөгөн сөздөрдү) орус жана чет тилдеринде сунуштай алган. |

**Өндүрүштүк жана ишкердик компетенциялар**

| Компетенттүүлүк номери | Өз алдынча иштелип чыккан компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **ЖИК - 2** | психология жаатында, анын ичинде ресурсдарды жана команданы башкаруу,анын алкагында долбоорлорду түзүү, пландаштыруу, ишке ашыруу жана баалоо көндүмдөрүнө ээ; санариптик чөйрөдө психологиялык кызматтарды жайылтуу, көп тилдүү контентти түзүү жана психологиялык саламаттык жаатындагы глобалдык тенденцияларды эске алууга жөндөмдүү. |

### Уюштуруучулук жана башкаруучулук компетенциялар

| Компетенттүүлүк номери | Өз алдынча иштелген компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **ЖИК - 3** | психология жаатындагы негизги глобалдык көйгөйлөрдү жана тенденцияларды аныктап, аларды уюмдар үчүн конкреттүү башкаруу чечимдерине жана стратегиялык өнүктүрүү пландарына айландыра алат. |

***8.2. 53 03 00 Психология*** **адистиги боюнча магистратурада окуган бүтүрүүчүлөр төмөнкү кесиптик компетенцияларга ээ болушу керек (КК):**

### Илимий изилдөө жаатындагы кесиптик ишмердүүлүк:

| Компетенттүүлүк номери | Өз алдынча иштелип чыккан компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК - 1** | учурдагы психологиялык көйөйлөрдү аныктай алат, теорияларды талдоонун негизинде гипотезаларды түзөт жана фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү иштеп чыгат. |
| **КК - 2** | психологиялык өлчөөнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен эмпирикалык маалыматтарды иштетип жана чечмелей алат, психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктап, натыйжаларын илимий басылмалар жана отчеттор түрүндө сунуштай алат. |

### Билим берүү жана алдын алуу жаатындагы кесиптик ишмердүүлүк

| Компетенттүүлүк номери | Өз алдынча иштелип чыккан компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК - 3** | калктын ар кандай катмары үчүн тиешелүү психологиялык жана педагогикалык темалар боюнча лекцияларды, семинарларды жана конференцияларды өткөрүү |
| **КК - 4** | психологиялык маданиятты өнүтүрүүгө, коомдогу психологиялык стрессти алдын алууга багытталган программаларды иштеп чыгуу көндүмдөрүнө ээ. |

### Экспертиза жана диагностика жаатындагы кесиптик ишмердүүлүк:

| Компетенттүүлүк номери | Өз алдынча иштелип чыккан компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-5** | Заманбап диагностикалык ыкмаларды колдонуу менен ар кандай тармактарда (билим берүү, медицина, юриспруденция) психологиялык экспертизаларды жүргүзүүгө даяр |
| **КК -6** | диагностикалык жыйынтыктарга негизделген эксперттик корутундуларды түзө алат жана практикалык сунуштарды иштеп чыга алат |

**Психокоррекция жана өнүктүрүү жаатындагы кесиптик ишмердүүлүк:**

| Компетенттүүлүк номери | Өз алдынча иштелип чыккан компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК - 7** | Жеке жана топтук консультация форматындагы психологиялык жардам көрсөтүү көндүмдөрүнө ээ. |
| **КК - 8** | ар кандай курактагы жана социалдык топтор үчүн түзөтүү жана өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү |

**Уюштуруу, башкаруу, көзөмөл жаатындагы кесиптик ишмердүүлүк**:

| Компетенттүүлүк номери | Өз алдынча иштелип чыккан компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-9** | психологиялык кызматтар менен бөлүмдөрдүн ишин башкарууга, анын ичинде психологиялык програмаларды жана долбоорлорду ишке ашырууну пландаштырууга, координациялоого жана көзөмөлдөөгө даяр. |
| **КК - 10** | кесиптештерине жетекчилик кылуу жана аларга кесиптик кенеш берүү, анын ичинде кесиптик кырдаалдарды талдоо жана эмоционалдык жактан чарчоону алдын алуу көндүмдөрүнө ээ. |

